Биология жана химия факультетинде студенттер күнү белгиленди

14-ноябрда Биология жана химия факультетинде

1-курста билим алып баштаган студенттер үчүн “Студенттик жашоонун биринчи кадамы” аттуу салтанаттуу маданий кече болуп өттү.

Аталган иш- чарага факультеттин деканы Маматкан Чоров, кафедра жетекчилери жана мугалимдер катышышты.

Даярдалган программага ылайык студенттер кеченин конокторуна өз өнөрлөрүн тартуулап, ырдап- бийлеп көрүүчүлөргө жагымдуу маанай тартуулашты.

Иш чаранын соңунда жакшы окуган студенттер факультеттин мактоо баракчалары жана сертификаттары менен сыйланышты.